Аталган эмгек кошумча окуу куралы катары окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз окутуунун Мамлекеттик стандартына, окуу программасына туура келет жана негизинен алардын мазмунун чагылдырып турат. Кыргыз тилинин орто мектептер үчүн окуу программаларындагы төмөнкү мазмундагы лексико-грамматикалык жана кептик материалдар ырааттуу берилген. Мисалы: сөз, сөз айкашы, сүйлөм, байланыштуу кеп, тексттен баштап морфология, синтаксис, пунктуация, орфография жана кеп маданияты боюнча окуу материалдары камтылган. Бул кошумча окуу куралында кыргыз тилине тиешелүү тилдик-грамматикалык материалдар таблица, чийме, сүрөт, графика, диаграмма түрүндө сунушталып, мектеп окуучуларын ойлонууга, салыштырууга, окшоштурууга, жалпылаштырууга жана кептик комптетенттүүлүккө көнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле окуучуларды жалпы республикалык тестирлөөдө логикалык суроо-тапшырмаларды аткарып, ага даярданууга жардамы тиерин билдирди.

Бирок техникалык каталары көптүгүн, аларды оңдоосу зарыл экендигин айтты.

**А.Мамытов:** Кол жазмада каталар өтө көп орун алган, тартипке келтиргиле. Снимаю с повестки дня, пользуясь правом председателя.

7.3.**Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы 5-8-класстар, 9-11-класстар үчүн (түзгөндөр Мусаева В.И., Сманбаев А. – 142 бет) аттуу кол жазманы бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдерлабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев “Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы” 5-8-кл, 9-11-кл. (Авторлор: В.И.Мусаева, А.Сманбаев, көлөмү 143бет, 119бет) аттуу кол жазмалар тууралуу төмөндөгүлөрдү билдирди.

“Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы” (5-8-кл, 9-11-кл) деген аталыштагы методикалык колдонмолордун кол жазмалары кыргыз тилинен билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын жана окуу программасын эске алуу менен иштелип чыгып, баяндама жүргүзүүнүн методикалык маселелери, жол-ыкмалары сунушталган. Ортоңку жана жогорку класстарда окуучуларды баяндама жумушуна окутуп-үйрөтүү максатында кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүнөн, акындар поэзиясынан, кыргыз профессионал адабиятынан жана драмалардан тандамалуу көркөм тексттер, үзүндүлөр, адабий фрагменттер тандалып алынып, алардын ар бирине карата

чыгармачылык суроо-тапшырмалар келтирилген. Ошондой эле жогорку класстарда дил баяндын элементтери камтылган баяндама жазууга үйрөтүүчү тексттер камтылып, кийинки жаңы тексттер менен толукталган. Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү киргизилген. Программалык материалдардын негизинде тандалган кептин ар кыл түрүндөгү жана стилдериндеги бул тексттер мектеп окуучуларынын оозеки, жазуу кеп байлыгын, байланыштуу кебин, кеп маданиятын, кеп адебин калыптандырууда жана адабий-көркөм туюмун, эстетикалык табитин өстүрүүдө көмөк көрсөтүү менен окутуп тарбиялоочулук милдеттерди аткараарын билдирди.

**А.Мамытов:** Кайра бекитүүнүн себеби – бул кол жазманын бекитилгенине көп жыл болуп калган. Кандай сунуштар бар? Добуш берели. Кол жазманы бекитүүгө ким макул? Каршы? Калыс?

"Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы" 5-8-кл, 9-11-кл. (авторлор: В.И.Мусаева, А.Сманбаев, көлөмү 143бет, 119бет) аттуу кол жазманы бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. "Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы" 5-8-кл, 9-11-кл. (авторлор: В.И.Мусаева, А.Сманбаев, көлөмү 143бет, 119бет) аттуу кол жазма бекитилсин, басууга сунушталсын.

7.4. "Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери" (автор : В.И.Мусаева, көлөмү 120бет) аттуу кол жазманы бекитүү жөнүндө.

Угулду: Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев жана "Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери" (Автор: В.И.Мусаева, көлөмү 120бет) аттуу кол жазмалар тууралуу төмөндөгүлөрдү билдирди.

"Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери" аттуу кол жазма эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө байланыштуу кеп, кептин стилдерин окутуу менен коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык маселелери каралса, экинчи бөлүмдө кептин функционалдык стилдерин (көркөм, публицистикалык, илимий, иш кагаздарынын стили) окутууда коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн методикалык негиздери иштелип чыккан. Эмгекте кептин функционалдык стилдерин практикалык -коммуникативдик максатта окутуу багытында методикалык кеңештер, практикалык иштер, сабактардын иштелмелери, алдыңкы тажрыйбалардын айрым үлгүлөрү, кыргыз тилин окутуунун технологиясын жаңыртууга байланыштуу сунуш, пикирлер чагылдырылган. Кептин стилдеринин ар биринин табияты, мүнөздүү белгилери, практикалык ролу методикалык аспектиден карап изилденген.

**Д.Бабаев:** Аталышында "кеп" деген сөз 3 жолу кайталанып жатат.

**С.Рысбаев:** Тилчилерге айтып көндүрө албай койдум. Аталыштан "кептик" деген сөздү алып салуу керек.

Талкуу учурунда Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү кол жазманын аталышын "Байланыштуу кепти, кептин стилдерин компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери" деп сунушташты, түзүүчү В.Мусаева макул болду.

**А.Мамытов:** Мазмунунда 1-главанын аталышы монографиянын аталышы бирдей экен. Карап тууралагыла. Добушка коелу. Ким макул? Каршы? Калыс?

"Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери"(автор: В.И.Мусаева, көлөмү 120бет)

аттуу кол жазма тууралуу берилген маалыматтарды угуу менен аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсү макул болду, каршы, калыс – жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Байланыштуу кепти, кептин стилдерин компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери”(автор: В.И.Мусаева, көлөмү 120бет) аттуу кол жазма бекитилсин, басууга сунушталсын.

7.5.Физика боюнча маалыматтама. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзгөндөр Койчуманов М., Дөөлөталиева А.Д., Мурзаибраимова Б.Б. – 150 бет).

**Угулду:** Табигый математикалык предметтер лабораториясынын башчысынын милдетин аткаруучу, п.и.к. Б.С.Рыспаеванын билдирүүсү.

Ал аталган кол жазманын кыскача мазмуну жана лабораториянын талкуусунун жыйынтыгы боюнча тө мө нкүдө й маалымат берди.

Жалпы билим берүүчү орто мектептин 7– 11-классы үчүн окуу колдонмосунун кол жазмасында (түзг.: М.К.Койчуманов, О.С.Сулайманова, Б.Б.Мурзаибраимова, А.С.Дө ө лө талиева) физиканын толук курсу боюнча маалыматтама (справочный) материалдар берилген. Тагыраак айтканда физиканын бө лүмдө рүнүн бардык темалары боюнча негизги закондор, түшүнүктө р, чоңдуктар, алардын аныктамалары, формулалары, эрежелери, түшүндүрмө лө рү кыскача берилип, темаларга байланыштуу чоңдуктардын, турактуулардын, мүнө здө мө лө рдүн таблицалары келтирилген. Мындай материалдар физиканы окутуунун ар бир баскычында керек. Бирок, мындай маалыматтар дайыма эле окуу китебинде толук камтыла бербейт. Орус тилинде жазылган справочниктер да азыркы учурда жетишсиздик кылат, кыргыз тилинде жазылгандары жокко эсе. Ошондуктан, мындай окуу куралы окуучулар үчүн да, мугалим үчүн да зарыл экендигин баса белгиледи. Окуу колдонмонун кол жазмасында физика боюнча колдонуудагы программаларга туура келе турган окуу материалдары камтылгандыгы белгиленди.

Кол жазма лабораториянын ага илимий кызматкери А.Сө лпүбашева тарабынан рецензияланып, оң пикирге ээ болду. Кол жазма 2005-жылы бекитилген, бирок каражат жоктугуна байланыштуу басылып чыга элек.

**Д.Бабаев:** Януковичтин “Справочник по физике и технике” бар. Ал китептен бул кол жазманын эмне айырмасы бар? Же болбосо автор эмес, түзүүчү деп бериш керек.

**Б.Рыспаева:** Түзүүчүүлөр деп эле берилип жатат.

**А.Мамытов:** Маалыматтама эмес, маалымдама деп эле берилсин деген сунуш берем.

Талкуудан кийин кол жазманы колдоп Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсү добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **КББАнын Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Физика боюнча маалыматтама” (түзг.: М.К.Койчуманов, О.С.Сулайманова, Б.Б.Мурзаибраимова, А.С.Дө ө лө талиева) деген аталыштагы жалпы билим берүүчү орто мектептин 7– 11-классы үчүн окуу колдонмосунун кол жазмасы жаңы “Физика боюнча маалымдама” аталышта бекитилсин жана басууга сунушталсын.

7.6.“Балбөбөк”. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн кошумча окуу куралы, боемо дептер (түзгөн Сейдекулова Г.С. – 82 бет, 38 бет) жана “Алиппеге кадам”. Мектепке чейинки курактагы балдарга музыкалык тарбия берүү. Методикалык колдонмо (түзгөндөр Сейдекулова Г.С., Сагынбаева К., Мусаева В.И. – 128 бет, 48 бет, 46 бет) аттуу кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.

**Угулду:**Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к., А.Д.Токтомаметов аталган кол жазмалар туралуу билдирүү жасады.

Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн толукталып иштелип чыккан “Балбөбөк” (Сейдекулова К.С.), “Алиппеге кадам”, (Сейдекулова К.С., Сагымбаева К.Ж.,

Мусаева В.И.) окуу-методикалык колдонмолору окуу программаларына ылайык түзүлгөн.

Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн толукталып иштелип чыгып, кайрадан КББАнын Окумуштуулар кеңешинин отурумунда бекитүүгө сунушталган “Балбөбөк”, “Алиппеге кадам” окуу-методикалык колдонмолору балдардын жаш курактарына ылайык адабий көркөм чыгармалар, ырлар, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар ж.б. материалдар кеңири берилген. Ар бир сунушталган чыгарманын мазмунуна ылайык суроо-тапшырмалар, көркөм жасалгаланган сүрөттөр да орун алган. Мындай окуу-методикалык колдонмолор учурда кыргыз тилинде иш алып барган балдар бакчалары үчүн гана эмес, кыргыз тилин үйрөтүү үчүн орус тилинде иштеген балдар бакчалары үчүн да абдан керектүү материал.

Окуу-методикалык колдонмолор учурда колдонулуп жаткан программанын талаптарына ылайык дыкаттык менен иштелип чыкты. Мектепке чейинки курактагы балдардын акыл, нравалык, эстетикалык жана физикалык өнүгүүсүн камсыздоочу материалдар жана сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн, сөз байлыгын өркүндөтүүчү жана сабаттуулука даярдоочу алгачкы көндүмдөр көрсөтмөлүүлүк менен берилген.

Мындай окуу-методикалык колдонмо китептер ата-энелер үчүн да абдан керек. Анткени, үй-бүлө шартында балдар менен иштөө үчүн кыргыз тилинде кооз, көркөм сүрөттөр менен жасалгаланган китептер жокко эсе. Ата-энелер, коомчулук ушундай улуттук маанайда жасалгаланган кыргыз тилинде окуу-методикалык колдонмолорго муктаж. А.Токтомаметов талкууланып жаткан “Балбөбөк”, “Алиппеге кадам” окуу-методикалык колдонмолорун басмадан чыгарууга сунуштады.

**С.Байгазиев:** Балбөбөк чогу жазылганы туурабы?

**А.Токтомаметов:** Мурунку аталышта сөздөр чогуу жазылган. Азыркы эреже менен бөлүнүп жазылат.

Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсү кол жазмаларды колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. “Балбөбөк” (Сейдекулова К.С.) кошумча окуу куралы, боемо дептер, “Алиппеге кадам” (Сейдекулова К.С., Сагымбаева К.Ж., Мусаева В.И.) методикалык колдонмо жаңы “Бал бөбөк” кошумча окуу куралы, боемо дептер, “Алиппеге кадам” аталышта бекитилсин жана басууга сунушталсын.

8. Окумуштуу-педагог, Эл агартуунун отличниги, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, КРдин илим жана техника жагындагы Мамлекетттик сыйлыгынын лауреаты, КРдин Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын ээси, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, И. Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, коомдук ишмер **Байгазиев Советбек Орозкановичти Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүү.**

**Угулду:**

**С. Рысбаев** – п.и.д. проф. Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы:

— Урматтуу кесиптештер, жакында үстүбүздөгү жылдын 28-апрелинде Бишкектеги Улуттук компьютердик гимназияда С. Байгазиевдин илимий-педагогикалык, таалим-тарбия ишмердигине арналган **«Адабият жана этнопедагогика – муундарды социалдаштыруунун кубаттуу куралы»** аттуу мугалимдердин республикалык илимий-практикалык конференциясы болуп өттү. Конференцияда кабыл алынган резолюцияда конференциянын көптөгөн катышуучулары - мугалимдер Советбек Орозкановичти Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына бир добуштан көрсөтүштү. Ал бул наамга татыктуу кандидатура. Мындан мурдагы

фактыларды да эске салалы. «Кутбилим» газетасынын 2011-жылдын 11-февралдагы санында «Советбек Байгазиев Эл мугалими наамына татыктуу инсан» аттуу кеңири макала жарыяланган. Бул макаланын аягына Кыргыз Республикасынын төрт Эл мугалими жана көрүнүктүү билим берүү ишмерлери кол койгон болучу. Аталган макалада Советбек Орозкановичтин Кыргызстандын билим берүүсүнө кошкон орчундуу салымы жөнүндө сөз болуп, анын агартуунун алдында өтөгөн кызматы Эл мугалими деген наамга татыктуу экендиги белгиленген жана Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз билим берүү академиясы буга көңүл буруунга тийиш деген ой айтылган. Макала газетага жарыялангандан кийин «Кутбилимдин» редакциясына республиканын түрдүү аймактарынан педколлективдерден, ЖОЖдордон, маданий-илимий интеллегенциянын өкүлдөрүнөн каттар келип, ал каттарда чындыгында эле, С. Байгазиевдин билим берүүгө сиңирген эмгеги зор экендиги белгиленип, окумуштуу-педагог Эл мугалими наамына татыктуу деген колдоолор көрсөтүлгөн. Маселен, Токтогул районунун билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлеринен жана мектеп директорлорунан турган 9 адам, Жалал-Абад областтык билим берүү усулдук борборунун директору А.Токтосунов баш болгон 18 мугалим, Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Камбаралиева баш болгон 6 билим берүү кызматкери жана мугалимдер, Сузак районунан 8 мугалим, Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры Сооронбай Жусуев баш болгон Эл жазуучулары: Мар Байжиев, Кеңеш Жусупов, Мырзабек Тойбаев, Асан Жакшылыков, Омор Султанов, академиктер Абдыганы Эркебаев, Абдылдажан Акматалиев, жазуучу-публицисттер Кален Сыдыкова жана Бактыбек Максүтов, Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы Абдрахман Алымбаев, Кочкор районундагы Чекилдек орто мектебинин 20 мугалими, Москва районундагы Целинная орто мектебинин 18 мугалими, Ош гуманитардык педагогикалык институтунун жамаатынын атынан кесиптик кошуунун терагасы А.Кошбаев баш болгон илимдин 7 кандидаты, Талас мамлекеттик университетинин жана Талас облусунун мектептеринен 29 педагог, Ош областынын Кара-Суу районундагы «Манас» орто мектебинин мугалимдер жамаатынын атынан 19 мугалим, И. Арабаев атындагы университеттин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун коллективинен 12 окутуучу, Аламүдүн районундагы Васильевка орто мектебинин 40 адамдан турган мугалимдер жамааты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун коллективинин атынан педагогика илимдеринин доктору, профессор, директор Исамидинов Искендер, Бишкек шаарынын №81 орто мектебинен 10 мугалим С.Байгазиевдин мектеп билим берүүсүнө өтөгөн зор мээнетин баалашып, анын Эл мугалими наамына татыктуу инсан экендигин тастыкташкан. Бул баалардын өзү С.Байгазиевдин ысымы анын өзүнүн талыкпаган эмгеги аркылуу республиканын педагогикалык коомчулугуна кеңири таркагандыгын жана окумуштуунун мээнетин мугалимдердин жогору баалай тургандыктарынын күбөсү. С. Байгазиев мугалимдер, окуучулар, студенттер, ата-энелер үчүн жазылган 70-тен ашык илимий, илимий-методикалык, илимий-популярдуу, таалим-тарбиялык, педагогикалык-публицистикалык китептердин автору жана авторлошу. Бул китептердин бардыгы окуу-тарбия практикасында пайдаланылып жатат. Жалаң эле улуу Манас эпосунун руханий-адептик баалуулуктарын пропагандалаган 20-дан ашык китеп жазган. Ал 2014-жылы Билим берүү жана илим министрлигинин кабыл алган «Мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясынын» негизги автору болуп саналат. «Манас эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясын» да С. Байгазиев түзүп, ал Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында бекитилген. Ушул фактылардын бардыгы С.Байгазиевдин аталган жогорку наамга татыктуулугун далилдейт. Ал КРдин Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын лауреаты, КРдин илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Жемиштүү ишмердиги үчүн С. Байгазиев Кыргыз

Республикасынын Ардак грамотасы, ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы, Маданият министрлигинин Ардак грамотасы, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Ардак грамотасы, Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, Кыргыз өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик агентствосунун Ардак грамотасы, эл депутаттарынын Бишкек шаардык Кеңешинин ардак грамотасы жана «Манас - 1000» юбилейлик медалы, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» төш белгиси менен сыйланган. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген жогорку наамдын ээси. Ал И.Арабаев атындагы сыйлыктын, Манас Ата сыйлыгынын, Телен Насирдин атындагы сыйлыктын, Жоомарт Бөкөнбаев атындагы сыйлыктын лауреаты. Кыргыз журналисттер союзунун сыйлыгынын эки жолку лауреаты. Москвадагы Эл аралык социалдык жана педагогикалык академиянын академиги, Ч.Айтматов эл аралык коомдук академиясынын жана коомдук Манас академиясынын академиги. Коомго сиңирген эмгегин эске алып, Жумгал райондук эл депутаттарынын сессиясы 2006-жылы Жумгал райондук борбордук китепканага С.Байгазиевдин ысымын ыйгарган. Жумгал районундагы Кайырма орто мектебинде С.Байгазиев атындагы усулдук кабинет ачылып, иштеп жатат.

**Д. Бабаев** - педагогика илимдеринин доктору, профессор, Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана педкадрларды кайра даярдоо борборунун директору:

- С.Байгазиевдин айрыкча, буга чейин эч кимге белгисиз Нурмолдо акындын агартуучулук ишмердигин, анын педагогикалык жана методикалык идеяларын кылдаттык менен изилдеп, мугалимдерге тартуулашы өзүнчө чоң иш болду. Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Аман Сманбаевдин төмөндөгүдөй деп жазганы С.Байгазиевдин Нурмолдо жөнүндө эмгегинин өтө баалуулугун далилдейт. Окуп берейин: ”Окумуштуу, адабиятчы, методист С.Байгазиев өзүнүн “Нурмолдо-Х1Х кылымдын туңгуч агартуучусу жана даанышман педагогу” аттуу эмгегинде акындын акылгөйлүк, адамдык, педагогдук иш жөндөмүн, аракетин ар тараптан ачып берүүгө жетишкен. Нурмолдонун баалуу педагогикалык мурасын ар бир мектепте, ар бир предметтик методикалык бирикмелерде талкуулоого, үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө татыктуу деп ойлойм. Көрсө, биздин педагогикалык тамырыбыз кылымдардын тереңинде жаткан тура” (Кыргыз республикасынын Эл мугалими - Аман Сманбаев. “Кутбилим” 14.07.2006). Советбек Орозкановичтин «Алатоодогу агартуунун тарыхынын очерктери: 17-кылымдан 1917-жылга чейин» аттуу китеби да уникалдуу болуп эсептелет. Окумуштуунун «Байыркы Орхон-Енисей жазууларынын этикасы жана педагогикасы» аттуу эмгеги да мугалимдер үчүн баалуу эмгек. Ал кыргыз адабиятын окутуунун концепциясынын, окуу стандартынын, 10-11-класстар үчүн кыргыз адабияты боюнча окуу китептеринин, Манастаануу, адеп предметтеринин программаларынын жана окуу китептеринин автору болуп эсептелет.

Маселен, өткөн кылымдын 80-жылдарында жаралган “Иниме кат” аттуу педагогикалык чыгармасы өзүнүн тарбиялык күчү менен жаштардын арасында чоң резонанс жаратып, кийин мугалимдердин өтүнүчү менен мектептин окуу программасына кирип, ушул күнгө чейин окутулуп келе жатат. “Иниме каттын” өрнөгүндө окуучулардын бир нече мууну тарбияланды. Бир сөз менен айтканда Советбек Орозканович өзүнүн опол тоодой эмгеги үчүн Эл мугалими наамын алууга арзыйт.

**Б. Жакышева** - педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнынтабигый-математикалыкдисциплиналаркафедрасынынбашчысы:

- Советбек Орозкановичтин айрыкча, элдик педагогиканын байлыктарын изилдеп, мугалимдер коомчулугуна тартуулоодо, агартуубуздун тарыхынын «ак тактарын» изилдөөдө, окуучуларга, жаштарга рухий-адептик жана патриоттук тарбия маселелерин чечмелеп түшүндүрүүдө, «Манас» эпосунун дөөлөттөрүн мектептерге жана жогорку

окуу жайларына жайылтууда эмгеги баа жеткис. С.Байгазиев мектеп үчүн “Адабий билим берүү концепциясынын”, “Адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын”, “Кыргыз адабияты” окуу программасынын, “Адеп сабагы” окуу программасынын, ЖОЖдор үчүн “Манастаануу” программасынын жетекчиси жана авторлошу. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн Кыргызстанда биринчи жолу жазылып, жарыкка чыккан “Манастаануу” окуу китебинин автору. 10-жана11-класстын “Кыргыз адабияты” окуу китептеринин авторлошу. Мугалимдер үчүн жазылган «Гумандуу педагогика», «Нурмолдо - туңгуч агартуучу жана даанышман педагог», «Кыргыздын улуу акындарынын этикасы жана педагогикасы», «Гумандуу педагогика жөнүндө сөз», «Окутуунун интерактивдүү методу», «Ата мекендик жана дүйнөлүк этика», «Калыгулдун этикасы жана педагогикасы», «Азыркы мектептеги тарбия: максаты, мазмуну жана технологиясы», «Кыргыз тили жана адабияты окуу китептерине коюлуучу талаптар», «Ала-Тоонун биринчи мугалимдери», «Мугалимге жети кат», “Иниме кат”, ”Педагогикалык руханият”, “Улуттук педагогиканын улуу устаты”, “Мектепте жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун окутуу: «Мукай жана Жусуп», «Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы», «Этика жана этнопедагогика» аттуу педагогикалык, усулдук китептердин автору. «Алдыңкы педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар», «Педагогика» энциклопедиясы”, «Антология педагогической мысли Киргизской ССР» деген усулдук куралдардын жана китептердин авторлошу болуп саналат. Ушунун бардыгы мектеп практикасында колдонулуп, мугалимдерге таяныч болууда. Жер-жерлерден канча колдоолор келгендигин көрдүк жана мугалимдер, билим берүү кызматкерлери С.Байгазиевдин эмгегин бийик баалап жатышат. Мен дагы С.Байгазиевди Эл мугалими деген бийик наамга татыктуу деп эсептейм.

- **Айжан Ибирайым кызы** – п.и.к., КББАнын технология жана искусстволабораториясынын башчысы:

Мен жогорудагы чыгып сүйлөгөн агайлардын пикирине жана республиканын туш тушунан, мектептерден, жогорку окуу жайларынан келген каттардагы С.Байгазиев жөнүндөгү жогорку бааларга толук кошулам. С.Байгазиев улуу “Манас” эпосунун рухий - нравалык нарктарын иликтеп-изилдеп ачуу, дастандын дөөлөттөрүн мугалимдер жана окуучулар арасына пропагандалоо боюнча да көп иш жасаган инсан. “улуу Манас” – улутубуздун тил жана дил бешиги“ аттуу китеби Республикалык конкурста экинчи сыйлыкты жеңип алган. Башка манас изилдөөчүлөр буга чейин “Манастын” көбүнчө тарыхый, көркөмдүк-поэтикалык маселелерин изилдөөгө көңүл буруп келсе, С.Байгазиев аталган эмгегинде эпостун рухий-нравалык, моралдык дөөлөттөрүн ачып көрсөтүүгө күч жумшап, элдик дастандын казынасынан бүгүнкү муундарга тирек болуп бере турган адептик-патриоттук нарктарды көтөрүп чыккан. С.Байгазиевдин жогорку окуу жайларынын студенттерине арнаган “Манастаануу” окуу китеби да баалуу эмгектердин бири. Бул китебинде окумуштуу “Манастын” сюжетин кара сөз менен кыска, нуска баяндап, эпостун эл оозунан жыйналуу, китеп болуп басылуу, изилденүү тарыхын, конкреттүү фактылардын негизинде кеңири сөз кылып, “Манас” жөнүндө жазган ар бир окумуштуунун эмгектерине токтолуп, мүнөздөмө берип, элдик эпостун рух кенчтерин, анын калк турмушунда ойногон тарыхый ролун жана бүгүнкү күндөгү тарбиялык маанисин тастыктаган. Азыр бул окуу китеби ЖОЖдордо колдонулуп жатат. С.Байгазиев мындан башка да “Айкөл Манас”, “Балдарга Манас баатыр жөнүндө”, “Манас баатырдын образын интерактивдик усул менен окутуу”, “Манастаануу”, “Бала Манастын инсан катары калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу”, “Улуу “Манас” – улут тиреги”, ““Манас” эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары”, “Улуу “Манас”эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси”, “Кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары – ата журт тиреги”, “Манас” эпосунун рухий-адептик, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары”, “Манастаануу: Бакай-чыгыштын акылманы,

кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту” деген китептердин, усулдук куралдардын, колдонмолордун автору. Бул китептер тарбия ишине чегилген. “Улуу Манас баатыр – урпактардын патриоттук идеалы”, “Аялзаттын тунугу, ак жолуктун улугу Каныкей – Ала-Тоолук кыздардын руханий-адептик маягы” аттуу китептерин Жогорку Кеңештин депутаты А. Кулбараков 2016-жылы 1000 нускада басмадан чыгарып, Нарын областынын мектептерине акысыз таратты. Демократия келгенде “Манасты” ичине камтыган 1949-жылы мектептин 9- классы үчүн жарыкка чыгып, бирок тоталитардык бийлик тарабынан куугунтукка алынып, өрттөлүп жиберилген Ташым Байжиев менен Зияш Бектеновдун “Кыргыз адабияты” аттуу алгачкы окуу китебин кайра калыбына келтирүүнүн демилгечиси болуп, ал китепти таап, баш сөз жазып, Мар Байжиев менен бирдикте жарыкка чыгарып, мектептерге тараткандыгы да С.Байгазиевдин патриоттук кадамы болгон. Советбек Байгазиев кыргыз адабиятынын мектеп программасына реформа жасап, көптөгөн жаңылыктарды киргизген. Кайра куруу, демократия жылдарында адабият программасын коммунисттик саясий идеологиянын үстөмчүл таасиринен арылтып, программага репрессияга дуушар болгон авторлорду, куугунтукка алынган чыгармаларды, элдик акындарды, орток түрк мурастарын, чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн жана башка окуучулардын маданий-эстетикалык аң сезимин өстүрүп, жан дүйнөсүн арууланта турган нукура көркөм дөөлөттөрдү кеңири киргизген. 1993-жылдан бери карай Кыргызстандын мектептери кыргыз адабиятын С.Байгазиев илимпоз-методист Абдыкерим Муратов менен бирдикте түзгөн ушул программа менен окуп келет. Ушул программа боюнча 11-класс үчүн авторлош болуп жазган С.Байгазиевдин “Кыргыз адабияты” окуу китеби Ташкенттен да басылып чыгып, Өзбекстандын кыргыз мектептеринде пайдаланылып жатат. С.Байгазиев Манасты окутуу концепциясын түздү. Мен дагы С.Байгазиевдин Эл мугалими наамына көрсөтүлүшүн толук колдойм.

**М. Иманкулов** – п.и.к., КББАнын Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы:

- С.Байгазиевдин Адабият таануу жагынан да бир катар баалууэмгектердин автору жана ал эмгектержогоркуокуужайларындажанамектептердеколдонулупкелет. Анынкалемине «Калемизи», «Жаңыконфликттер, жаңымүнөздөр», «Кыргыздраматургиясынынтарыхы», «Сынганкылыч» романынын сыры эмнеде?», «Кыргызадабияты: талдоолоржана ой жүгүртүүлөр» аттуукитептертаандык. Кыргыз совет адабиятынынэкитомдуктарыхынын (1990) негизгиавторлорунунбири, «Кыргызадабияттаануусужана сыны» дегенэкитомдуккаавторлош. Кыргызадабиятынынсоңкужетитомдуктарыхынынaлтынчытомунаавторлош. Мынаушулэмгектердинбардыгытең филология факультеттеринде, мектептердеактивдуупайдаланылыпжатат. СоветбекБайгазиевдин - «АтуулжанаАтажурт», «Инсандыничжактанжаңылануусунунзарылдыгы», «Патриархалдыкколлективизмденинсандыкавтономияга карай», «Кыргызжуртуободогубүркүттүнкөзүменен», «Байзакбаатыр», «Жумгалданчыккандаанышман», «Кыргыздынулууойчулдарынынжанабаатырларыныносуяттары - Атажурттиреги», «Цивилизация жанаАтажурттагдыры», “Чыңгызгакарышкырдан кат” аттуупублицистикалыккитептеримектептердегитарбиясааттарындаколдонулууда. Булкитептердемекеналдындагыатуулдукпарз, глобалдашуунункыйын-кезеншарттарындаулуттусактоо, улуттукаңсезимдижана ар намысты, улуттукөзүн-өзүаңдаптүшүнүүнүойготуунунзарылдыгы, адеп-ахлак, элдикпедагогиканындөөлөттөрү, экологиялыккурчпроблемалар, мамлекеттиктилжөнүндөтереңмазмундууаңгемежүрөт. Демек, С.Байгазиевдин Эл мугалиминаамынататыктуулугужөнүндөгүойдупедагогикалыккоомчулукбекерколдопжатканжок. Мен дагыС.Байгазиевдижогоркунаамгаарзыйтдегенколдоочулардынкатарындамын.

**С. Жунусбаев**- КББАнын профсоюз уюмунунтөрагасы, «Билим» басма борборунун директору:

-

ЭгемендүүлүктүнжылдарындаС.Байгазиевдемократиялыккоомдунжаңыпедагогикалыки деяларынмектептергепропагандалапжайылтуудажанапедагогдордунаң-сезиминжогорукөтөрүүдөөзүнүнчоңагартуучулукролунойнодудесемжацылышпайм. «Кутбилим» газетасына тез-тез жарыялангананынмакалаларынынаттарын эле санапкөрөлүчү: "Кыргызстандынбилимберүүконцепцияларындагы космополитизм же өлкөбүздүнбилимсистемасынынайырмалууулуттукмүдөө-миссиясыбарбы?", "Манасглобалдашуунунжанатехнократиялыкцивилизациянындөңгөлөгүнүнастындакала бы же эгемендүүкыргызмамлекетинекандайтарбиястратегиясыкерек?", "Кыргызпедагогикасындагыбелгисиз "материк"", "Мугалимгежети кат", ""Агай" дегенаткайда?", "Ташка чегилгентүрк-кыргызадеп-тарбияакылмандыгы", "Мектепжанаклассикалыкпедагогиканынулуугуманизми", "Тоталитаризмдин "баласыз" педагогикасы", ""Баласыз" педагогикага альтернатива бар беле?", "Бардыкпланеталар, жылдыздар бала деген "күндү" айланыугатийиш", "Эмдигимилдет – окутуунунамалдарынжанааспаптарынадамгерчиликтештирүү", "Дагыбиржолуавторитардыкпедагогиканынавторитардыктехнологиясыжөнүндө", "Агай, эмнеүчүнатыныпөлгөнжоксуз?", "Мугалимимерахмат, бирок ал мени ой жүгүрткөнгөүйрөтпөптүр", "Эңкерекнерсе – окуучунунсубьективдүүактивдүүлүгү же билимдин "дандарын" өз "тиши" менен чайноонунзарылдыгы", "Сократты карай артка", "Жалгызбилимдүүлүкмененадистиктагдырдычечеби?", "Ар бир кыргызмектебининулуттукжүзүболуугатийиш", "Дагыбиржолугумандуу педагогика жөнүндөсөз", "Мугалимикүндөйтийсечачырап, окуучусугүлсыяктуубажырайыпачылат", "Бүкүр бала эмнеүчүнылады?", "Империяныокуукитеби", "Балдаргаканчакарызбыз?", "ИнтерактивдикусулмененМанасбаатырдынобразынүйрөнүү", "Кулчулуктунжолунанэркиндиктинжолуна", "Аялмугалимдинсоциологиясы", "Көчмөнкыргыздардаагартууболгонбу?", "Билимберүүдөжаңы ой жүгүртүүдегенэмне?", "Окуучунуойлоп ким толгонот?", «ИсакБекбоевдинокуу-тарбияидеяларындүйнөлүкпедагогиканынулуугуманизмининконтекстинде»ж.б. БулС.Байгазиевдинжазганкөптөгөнмакалаларынын чети гана. Мынаушундайпедагогиканынөткөнүн, бүгүнкүсүнжанакелечегинталдапкөрсөтөбилген, педагогкобагытберип, ага жөлөк-таякболгонэмгектериненуламокумуштуу-педагог мугалимдердинарасындапопулярдуулуккаээболуп, чоңабройкүткөн. ОшонүчүнмугалимдержамааттарыС.Байгазиевдин Эл мугалиминаамынататыктуулугужөнүндөгүойдукызуукolдопотурушат. ӨзүмдагыСоветбекОрозкановичтинаталганбийикнаамгакөрсөтүлүшүнэнтуурадепэсепте ймжанабулэлдинсунушунМинистрликжанаМамлекеттиксыйлыккомиссиясыколдойтдеп эсептейм.

**А. Шергазиев**- КББАнынпедагогикалыккадрлардынквалификациясынжогорулатуужана кайра даярдооборборунунокуубөлүмүнүнбашчысы:

- Мен С.Байгазиевдинсабакберүүчүлүкишмердигижөнүндөайткымкелет. С.Байгазиев 1985-жылдан бери карай Нарын шаарында, Каракол шаарында, Жалал-Абадшаарында, Бишкектемугалимдердинбилиминжогорулатуукурстарындажанаборборубуздунжогорку окуужайларында "Кыргызадабиятынокутуунунметодикасы", "XX кылымдагыкыргызадабияты", "Манастаануу", "Адабияттынтеориясы" боюнчалекцияларды окуп кележатат. Анынлекцияларынынтаасирдүүлүгүжөнүндөмугалимдердин, студенттердинкөптөгөнжогорубааберген ой - пикирлеригазетагажарыяланган.

С.Байгазиевөзүнүнжазганэмгектериментенганаэмес, оригиналдууокулганлекцияларыменен да мугалимдердинбилиминжогорулатып, студенттердинбилиминтереңдетип, тарбиялапкележатат.
Бүгүнкүкүндө профессор С.БайгазиевКыргызбилимберүүакадемиясынын Вице-президенти катары жаңымуундагыокуукитептерин, окуупрограммаларын, билимберүүнүнжаңыстандарттарынтүзүүсыяктуукоомубузүчүн зарыл, жоопртууиштижетектепалыпбарууда.
Анынжетекчилигименменмектептинбардыкпредметтерининмамлекеттикстандарттарытүзүлүпжанапрограммаларыжазылып, бекиген. «Манас» эпосу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамын (2011), Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаевдин «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөнү» жарлыгы (30.01.2012), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Манас» эпосун 2012-2017-жылдарда сактоо, үйрөнүү жана жайылтуунун улуттук программасы жөнүндөгү токтомун (31.01.2012) аткаруу, турмушка ашыруу боюнча активдүү жана жемиштүү изилдөө, жайылтуу, үгүттөө иштерин жүргүзгөн көрүнүктүү окумуштуу, педагог-адабиятчы, публицист, филология илимдеринин доктору, профессор, КРдин илим жана техника жагындагы Мамлекетттик сыйлыгынын лауреаты, КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Россиянын Эл аралык социалдык жана педагогикалык илимдер академиясынын, Манас коомдук академиясынын анык мүчөсү, КРдин Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын ээси, Кыргыз педагогика академиясынын академиги, И.Арабаев атындагы сыйлыктын жана Эл аралык “Руханият” сыйлыгынын лауреаты. Акырында жыйынтыктап айтканда, жогорудагы баяндалгандын бардыгы Советбек Байгазиевдин республиканын билим берүүсүнө, мугалимдердин педагогикалык жана интеллектуалдык маданиятын жогорулатуу ишине, жаштарды окутуу жана тарбиялоо процессине, жалпы эле коомубуздун жарандарынын аң сезимин жаңылоодо, демократиялык жаңы ой жүгүртүүнүн түптөлүшүнө, улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүүнүн ойгонушуна жана атуулдардын тоталитаризмдин көнүмүш догмаларынын “кишендеринен” бошонуу жараянына кошкон салымы зор экендигин айкындап турат.

Бир сөз менен айтсам, С.Байгазиев Эл мугалими наамын алууга татыктуу. Анын бул наамга татыктуулугун Эл мугалимдери Исак Бекбоев, Бектур Исаков, Бекмырза Батыркулов, Асан Заркунов далилдеп, “Кутбилим” газетасынын 2011-жылдын 11-февралдагы санына макала жарыялашкан. Коомчулуктун үнүн Министрлик угат жана баалайт деп ишенебиз.

*Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүү үчүн С.О.Байгазиевдин кандидатурасы ачык добушка коюлду. Окумуштуулар кеңешинин жыйынга катышкан 17 мүчөсү бир добуштан макул деп кол көтөрүштү. Каршы, калыс - жок.*

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши педагог-окумуштуу Байгазиев Советбек Орозкановичти Кыргызстандын билим берүүсүнө кошкон орчундуу салымынын, көп жылдык жемиштүү коомдук-педагогикалык ишмердигинин жана педагогикалык коомчулуктун колдоосунун негизинде Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүү жөнүндөгү маселени талкуулап, төмөндөгүдөй **токтом кабыл алды:**

1. Кыргызстандын билим берүүсүнө, жаштардын тарбиялоо процессине, мугалимдердин педагогикалык жана интеллектуалдык маданиятынын жогорулатуу ишине кошкон көп жылдык зор салымынын негизинде Байгазиев Советбек Орозканович Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүлсүн.
2. С.О.Байгазиевдин Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүлүшүн колдоо жана маселенин оң чечилиш жагы Кыргыз

Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен суралсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **А.Мамытов**

**Окумуштуу** катчы **А.Ниязова**